МЕКЕН ЖЕР

Сөзү: Каныбек Иманалиевдики
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2011-жыл

Аскарым сен, асманым сен мекен жер,
Ата-Бабам сени тапкан кеменгер.
Кырка тоого кеткен сымал айланып,
Кыргыз жерин коргоп жатып өткөндөр.

Кайырма:

Комуздун дабышы,
Жүрөктүн кагышы.
Кыргызды сактаган,
Манастын намысы.

Сынбасын чынарың,
Өчпөсүн чырагың.
Аман бол Ата Журт,
Соолубай булагың.

Көз артышкан Ала Тоого нечендер,
Канга жуулуп, отко күйгөн нечен жер.
Миң жолу өлүп, миң төрөлүп кайрадан,
Кыргыз менен жаны бирге мекен жер.

Кайырма:

Башы мөңгү, этеги гүл турагым,
Көрсөң – бермет, ичсең шербет булагың.
Бакыт балкыйт балык болуп көлүңдө,
Бүркүт шаңшыйт азаттыктын ураанын.

Кайырма: